DOI:10.26104/NNTIK.2019.45

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 6, 2021

*Шарабидин кызы А., Алмазбек уулу А.*

## КЫРГЫЗ ЭЛИНИН РУХАНИЙ АДЕП-АХЛАКТЫК ӨНҮГҮҮСҮ

*Шарабидин кызы А., Алмазбек уулу А.*

## ДУХОВНО-НРАВСТВЕННОЕ РАЗВИТИЕ КЫРГЫЗСКОГО НАРОДА

*Sharabidin kyzy A., Almazbek uulu A.*

## SPIRITUAL AND MORAL DEVELOPMENT OF THE KYRGYZ PEOPLE

*УДК: 342.98*

*Макалада негизинен бүгүнкү күндүн эң маанилүү маселелеринин бири болгон, адам баласынын жашоо-турмушунда чоң рол ойногон адеп-ахлак боюнча түшүнүктөр жана маалыматтар камтылган. Адам баласынын жашоо турмушунда адеп-ахлактын болуусу ар бир адам үчүн маанилүү жана турмушунда чоң жакшы таасир берүүчү мүнөздөрдүн бири десек жаңылыштык болбос. Анткени ар бир адам ар кандай коомчулукта өзүн-өзү алып жүрүүсү баары адеп-ахлактын негизинде ишке ашырылчуу маселе десек болот. Коомдун мүчөлөрүнүн сезимдеринин, умтулууларынын жана кыймыл-аракеттеринин башка адамдардын сезимдери, умтулуулары жана кыймыл-аракеттери, алардын жана бүтүндөй коомдун кызыкчылыктары жана баалуулуктары менен өз ыктыярдуу шайкеш келүүсү аркылуу аныкталат. Ыктыярдуулук жана көпчүлүк менен макул болуу адеп-ахлактуулуктан бардык кубулуштарына мүнөздүү белгилер.*

***Негизги сөздөр:*** *адеп-ахлак, коом, ишеним, өсүп-жетилүү, адеп-ахлак, абал, акыл-эстүүлүк, боорукерлик.*

*В статье рассматриваются концепции и информация о морали, которая является одним из важнейших вопросов современности и играет важную роль в жизни человека. Без преувеличения можно сказать, что наличие морали в жизни человека важно для всех и является одним из факторов, которые окажут большое влияние на их жизнь. Потому что поведение каждого человека в любом обществе - вопрос морали. Чувства, стремления и действия членов общества – это чувства, стремления и действия других людей, их интересы и ценности в целом и общества в целом. Добровольность и согласие большинства - отличительные черты всех моральных явлений.*

***Ключевые слова:*** *нравственность, общество, вера, рост, нравственность, состояние, разум, сострадание.*

*The article examines the concepts and information about morality, which is one of the most important issues of our time and plays an important role in human life. It is no exaggeration to say that the presence of morality in a person's life is important for everyone and is one of the factors that will have a great impact on their life. Because the behavior of every person in any society is a matter of morality. Feelings, aspirations and actions of members of society are feelings, aspirations and actions of other people, their interests and values in general and society as a whole. The will and consent of the majority are the hallmarks of all moral phenomena.*

***Key words:*** *morality, society, faith, growth, morality, state, reason, compassion.*

Жогорудагы маалыматтарга таянып айта турган болсок, ***адеп-ахлактуулук*** – бул коомдук турмуштун, коомдун өнүгүшүнүн жана тарыхый прогресстин эң маанилүү жана маңыздуу факторлорунун бири болуп эсептелет.

Ошол эле учурда, биз жашап жаткан дүйнөдө саясий-экономикалык, руханий-нравалык, адеп-ахлактык кырдаал өтө кооптуу чекке жетип турат. Дүйнөнүн айрым өлкөлөрүндөгү кош стандарттуу саясат, стратегиялык өңүттө жүргүзүлүп жаткан ааламдашуу процесси улуттук деген уңгулуу түшүнүктөрдү түп тамырынан кырчып, дүйнө бойлой калыптанып келген улуттук мамлекеттүүлүк, улуттук дух, нарк-насил, улуттук-менталитет, улуттук иденттүүлүк деген улуу аң-сезимди кыйратып, коомдун руханий-нравалык, адеп-ахлактык, коомду ичинен иритип, улуттук өлкөлөрдү “улутсуз” өлкөгө айландыруу багытында атайын иштер жүргүзүлүүдө.

Жыл өткөн сайын, акыркы мезгилдерде коом мурда болуп көрбөгөндөй начарлоо, адамдардын, өзгөчө жаш муундун психологиясы өзгөрдү, нравалык, адеп-ахлактык, моралдык жүрүм-туруму бузулду, ыймансыздык күчөдү, элибиздин улуттук аң-сезим, акыл-эс, туюм-сезимине жат, үрп-адат, салт-санабызга, таалим-тарбиябызга каршы келген жорук-жосундар көбөйүп баратат. Улуттук маданиятты, өзгөчөлүктү, тилди, тарыхты жоготууга багыт алган ааламдашууну үгүттөгөн, аны өрнөк катары көрсөтүүгө аракеттенген ойлор айтылып, жүрүштөр жасалып, жаштарды өз тарабына тартуу аракеттери күчөп, улуттук озгочолуко жана руханий-нравалык баалуулуктарга коркунуч жарала баштады.

Бүгүнкү күндө биз жашап жаткан адамдардын, өзгөчө өсүп келаткан жаш муундун аң-сезимине ар кандай жолдор, ыкмалар жана каражаттар аркылуу эгоизим идеасы таңууланып, жатып моралсыздык, маңкурттук, улутмансыздык, башка нравага, өзгөчө батышка, суктануучулук маанайды калыптандыруу амалдары күч алууда. Ачык айтыш керек, бул кырдаалга байланыштуу биздин мамлекет буга чейин атайын ырааттуулукка, системалык мүнөзгө ээ саясат жүргүзө албады, коомчулукка же саясий реформаны, же экономикалык-социалдык өнүгүүнү, же коомдук аң-сезимди түшүнүктүү, алгылыктуу өркүндөтүүчү моделин сунуштай албай, мамлекет, бийликтегилер саясат менен гана шугулданып келди. Бул биздин

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



жалпы коомчулукту тынчсыздандырып, ар кыл ой-пикирдин айтылышына өбөлгө түздү. Коомдогу ыплас көрүнүштөргө элдин кыжыры кайнап, чыдамы кете баштады.

Азыркы коомду бүтүн бир организм, тулку бой дей турган болсок, руханий-нравалык адеп-ахлак, нарк-насил, улуттун духу анын жүрөк толтосу, жаны деп бааласак болот. Эгерде биз келечекке багыт алып, өнүгүү жолуна түшүүнү өз максат-милдетибиз деп түшүнсөк, негизинен кээ бир төмөнкүдөй принциптерди карманышыбыз керек: өнүгүүнүн улуттук өзгөчөлүгүнө ылайык демократиялык багытты кармануу, өнүгүүнүн күчтүү экономикалык саясатын кармануу, улуттук баалуулуктарга таянган жана аны негиз туткан салттуу руханий-нравалык, адеп-ахлактык, моралдык нормаларды кармануу.

Менин оюмча, жогоруда аталган принциптер адамкерчиликке, гумандуулукка, боорукерликке, кайрымдуулукка, талеранттуулукка жана жалпы адамзаттык, улуттук дөөлөттөргө тарбиялоону камсыз кылат. Бул коомду биримдикке тартуу менен, элдин баардык катмарын бириктирүүгө, улуттук мамлекеттүүлүктү чыңдоого, улуттук өзгөчөлүктү сактоого жана жаштарды, өсүп келаткан муунду өзүн-өзү таанууга, патриоттуулукка тарбиялоого өбөлгө түзүп, өз эне тилинен рухий дөөлөт, байлык катары мамиле кылуусун күчөтүп, кызыгуусун арттырып, урматтоо жана терең билүү мотивациясын жаратат. Дүйнөнү кабылдоо, таанып-билүү өз эне тили аркылуу гана толук ишке ашарын айгинелейт.

Мамлекеттин, өлкөнүн өнүгүшү жана андагы саясий, социалдык-экономикалык модернизациянын ийгиликтүү жүрүшү коомдук аң-сезимдин, руханий-нравалык, моралдык ыймандуулуктун деңгээлине жараша болот. Ошондуктан бүгүнкү кыргыз коому жалпы адамзаттык жана улуттук баалуктарга таянуу жана негизденүү менен, коомдук аң-сезимди трансформациялоо жана модернизацилоо багытында атайын иштерди жүргүзүүсү зарыл. Бул үчүн бүгүнкү күндө түзүлгөн кырдаалга жана тарыхый жаңы талап-шартка жараша мамлекеттик структуралар менен жарандык коомдун өзара тыгыз биримдигинде жана карым-катыш аракетинин негизинде коомдук аң-сезим, психология, ой жүгүртүү аркылуу руханий-нравалык, духовный, адеп-ахлактык кайра жаралуу багытына түшүп, “адам коому мораль аркылу тескелип өнүгөт”, – деген ой пикирин карманышыбыз өтө зарыл болуп турат.

Коомдук аң-сезимди, психологияны өзгөртүп, жаңы типтеги модернизациянын жаралышын шарттоочу негизги факторлор – бул өзүңдүн ким экендигиңди көрсөтүүчү генетикалык кодун, руханий маданиятын, ата-баба жолун жаңы тарыхый доордун жолу менен айкалыштырып жаңылануута бет алууң жана бул аркылуу улуттук иденттүүлүгүңдү сактап калуу жана рухту өнүктүрүү. Бул, эң алды, улуттук мамлекеттүүлүк идеасы жана улуттук дух аркылуу аныкталат. Анткени өнүгүүнүн жана модернизациянын жалпыга бирдей универсалдуу модели болбойт, анын улуттук духка таянган улуттук гана модели болот. Улуттук модель улуттук руханий нравага, моралга, нарк-насилге, улуттук маданиятка, улуттук тилге таянат. Мында улуттук тил улуттук духту, руханий нраваны, моралдык норманы, улуттук нарк-насилди, маданиятты көрсөтүп, көтөрүп турган өзөк конструкция жана негизги курал катары колдонулууга тийиш.

Тилекке каршы өлкөбүздө бир кыйла адам баласына деги эле биздин салт-санаабызга таптакыр тура келбеген бир топ эле көрүнүштөр орун алды. Мисалы, феминисттер айтып чыгышты, кыздар биз турмушка чыкпайбыз, бир жыныстуулардын баш кошуусу жана башка ушул сыяктуу коомго жат көрүнүштөр орун алды.

Бүгүнкү күндө руханий-нравалык, адеп-ахлактык, моралдык өксүктүк өкүм сүрүп турган шартта өлкө жарандарын жалпы адамзаттык баалуулуктардын жана улуттук дөөлөттөрдүн, элдик нарк-насилдин негизинде тарбиялоо аркылуу алардын духовный маданиятын, жарандык өзүн-өзү таануусун, руханий кайра жаралуусун калыптандыруу өтө маанилүү. Ошол эле учурда адам укугу менен эркиндигин урматтоо, ушуга тете милдет менен жоопкерчилик тарта билүү, жарандык тынчтык, бекем ынтымак орнотуу аркылуу улуттук мамлекеттүүлүгүбүздү чыңдоо, өнүктүрүү, ата-бабалардан ыйык мурас катары калган дөөлөттөрдү баалап-барктоо, аларды бүгүнкү күндүн талабында өзгөртүү баалуулуктар менен жуурулуштура байытуу аркылуу руханий маданий кайра жаралуу багытына түшүп, өсүп келе жаткан жаш муунду, деги эле жалпы коомду руханий-нравалык, таза моралдык, бийик адеп-ахлактык жана чың дене тарбиялык жактан өнүктүрүү бүгүнкү коомдун алдында турган милдет.

Бүгүнкү доор – кыргыз мамлекетинин тарыхында дөөлөттөр, баалуулуктар алмашылып, коомдук аң-сезим, психология, моралдык нормалар өзгөрүп, жашоонун улуттук салттык өзгөчөлүгү жектелип, батышты тууроо күчөп турган учур... Ушундай кыйчалыш тарыхый кырдаалда жалпы адамзаттык, өзгөчө улуттук: үй-бүлөлүк, мектептик, коомдук таалим-тарбияга, билим-илимге, маданий, руханий-нравалык, адеп-ахлактык, моралдык нормаларга өзгөчө маани

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45



берилүү менен, бул алкактагы аракеттер улуттук баалуулуктардын базасында таалим-тарбияны өнүктүрүүнүн улуттук идеалына багыт алууга тийиш.

Демек, жыйынтыктап айта турган болсок, мында ар бир инсан, ар бир жаран өзүн-өзү өзгөртүүсү, өзүн-өзү ким экендигин таанып-билүүсү зарыл, ушунун негизинде коомдук аң-сезим, психология өзгөрүп, улуттук тарбиянын идеалы акырындап калыптануу жолуна түшөт.

**Адабияттар:**


1. Кудащкин А.В. Жилищное право. - М.,2012.
2. Филиппова У.С. Жилищное право. - М., 2007.
3. Еремичева И.А. Жилищное право. - М., 2012.
4. Кыдыралиев А.Т. Нравственная культура как предмет научно-педагогического исследования. / Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2009. №. 4. С. 206-208.